**" Жаздыгым бош "**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Кадыров Алтымыш Кадырович

Жаздыгым бош жүрөгүмдө орун жок,
Ээлеп алган сенин гана элесиң
Теңей албай сага эч кимди келемин
Жалгыз айдап өмүрүмдүн кемесин.

Жандүйнөңө окшото албай эч кимди
Өмүрүмө күүгүм кирип кечкирди
Жүрөгүмдү ээлеп алып ак сүйүүң
Жалгыздыкка баш ийүүнү чечтимби

Сүйгөндөр көп бирок бирин сүйө албай
Нурдай жанып күндөй жанып күйө албай
Эрте жазда үшүк алган дарактай
Сүйүү багым калабы же бүр албай